# Биология

## PISAга багытталган тест

## 7 – класс

*Оң тараптагы текстти окуп чыгып, схемага көңүл бургула жана төмөндөгү суроого жооп бергиле.*

**1-суроо:** Биздин жүндүү, жибек кийимдерибизге же тамак ашыбызга күбөнүн өрчүшүнүн кайсы этабы зыян келтирип жатат?

*Бир гана туура жоопту белгилегиле:*

А) I

**Б) II**

В) III

Г) IV

**Күбө-түнкү көпөлөк**



Бөлмөдөн учуп жүргөн кичинекей көпөлөктөрдү бардык жыл мезгилдеринде көрүүгө болот. Булар адамдын өзүнө коркунучсуз, бирок, биздин кийимдерибизге, тамак ашыбызга, эмеректерибизге зыян келтирген күбөлөр.




Биз билгендей көпөлөктөр толук өзгөрүп өрчүшөт. Демек, күбөлөр да ушундай өрчүгөндүктөн, алар төрт этапты (жумуртка, личинка, куурчакча, жетилген күбө) толук басып өтүшөт.

Тапшырманын мүнөздөмөлөрү

- Мазмундук чөйрөсү: тирүү системалар
- Баалоонун компетенттүүлүгү: кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү
- Контексти: жекече
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Тапшырманын форматы: бир туура жооптуу
- Баалоо объекти: маалыматты талдоо, жана туура келген чечим чыгаруу
- Максималдуу упай: 1
- Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу

Баалоо системалары

| Упай | Критерийлердин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Туура жооп: 2 (Б) |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок |

<table>
<tr>
<td>
Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле. Таблицадагы сол жакта берилген ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин табыңыз. Бир тамганын тушуна эки сан жазылат.<br>
2-суроо: Эгерде жарыкта күбөнү көрсөк, аны биз күндүзгү көпөлөктөрдөн кантип айырмалайбыз?<br>
Куңдүзгү жана түнкү көпөлөктөрдү, өзүлөрүнө туура келген мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен дал келтиргиле:<br>
Жоопторду таблицага жазгыла:
<table>
<tr><th></th><th>Жашоо образы боюнча түркүмдөрү</th><th></th><th>Мүнөздүү өзгөчөлүктөрү</th></tr>
<tr><td rowspan="2">А</td><td rowspan="2">Күндүзгү көпөлөктөр</td><td>1</td><td>узун, ичке антенналуу</td></tr>
<tr><td>2</td><td>тынч абалында канаттары эки капталында жайгашат</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Б</td><td rowspan="2">Түнкү көпөлөктөр</td><td>3</td><td>канаттары ачык түстө, денеси ичке</td></tr>
<tr><td>4</td><td>антенналары түктүү</td></tr>
</table>
<table>
<tr><td>А</td><td>1</td><td>3</td></tr>
<tr><td>Б</td><td>2</td><td>4</td></tr>
</table>
Жооп:
</td>
<td>
Күбө-түнкү көпөлөк<br>
Күбөлөр адатта кечинде жана түнкүсүн учушат. Демек, алар түнкү көпөлөктөргө кирет.
</td>
</tr>
<tr>
<td>
Тапшырманын мүнөздөмөлөрү
<ul>
<li>Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар</li>
<li>Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу</li>
<li>Контексти: жергиликтүү</li>
<li>Деңгээли: орто (продуктивдүү)</li>
<li>Тапшырманын форматы: дал келтирүү</li>
<li>Баалоо объекти: кубулуштарды түшүндүрүү үчүн туура келген табигый-илимий билимдерди пайдалануу</li>
<li>Максималдуу упай: 2</li>
<li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li>
</ul>
</td>
<td>
Баалоо системалары
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп:<br>А:1,3<br>Б: 2,4</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Эки же үч туура жооп тандалса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table>
</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп бергиле.<br>3-суроо: Эмне себептен түнкү көпөлөктөр күндүзгү эмес караңгы же түнкү жашоо образын тандап алышкан?<br>Бардык туура жоопторду тандагыла:<br>А) күндүзгү көпөлөктөрдүн түрлөрү менен конкуренция жок<br>Б) түнкүсүн көпөлөктөр менен азыктанган жырткычтар аз<br>В) алардын көздөрү жарыкты көрбөйт<br>Г) түнкү ачылган гүлдөрдү чаңдаштыруу</td>
<td colspan="2">Күбө-түнкү көпөлөк<br><br>Эволюцияда күбө өңдүү түнкү көпөлөктөр кечки же караңгыдагы жашоого ыңгайланышып, жашап калышкан. Анткени, алар үчүн күндүзгүгө караганда түнкү жашоонун көп артыкчылыктары бар.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: тирүү системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу</li><li>Контексти: жергиликтүү</li><li>Деңгээли: орто (продуктивдүү)</li><li>Тапшырманын форматы: бир нече туура жооптуу</li><li>Баалоо объекти: маалыматты талдоо, интерпретациялоо жана туура келген чечим чыгаруу</li><li>Максималдуу упай: 2</li><li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li></ul></td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 1,2 (А,Б)</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Туура жооптун бирөө гана белгиленсе</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оӊ тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп бергиле.<br>4-суроо: Мындай кийим-кечектеги күбө менен күрөшүүнүн үй шартындагы натыйжалуу жолдору кайсылар?<br>Жоопторуңарды аргументтүү жазгыла:<br>________________________________________<br>________________________________________<br>____<br>________________________________________<br>__</td>
<td colspan="2">Күбө-түнкү көпөлөк<br><br>Эгерде үйдөн жүн жана жибектен жасалган кийим-кечелерде тешикчелер же күбөнүн личинкалары, куурчакчасы же жибек желелерди көрсөк, анда алар менен токтоосуз күрөшүү зарыл.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<br>• Мазмундук чөйрөсү: тирүү системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүгү: жыйынтык чыгаруу үчүн маалыматтарды интерпретациялоо<br>• Контексти: жекече<br>• Деңгээли: жогорку (креативдүү)<br>• Тапшырманын форматы: ачык (кенен жооптуу)<br>• Баалоо объекти: маалыматты талдоо, интерпретациялоо жана туура келген чечим чыгаруу<br>• Максималдуу упай: 2<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr>
<td>Упай</td>
<td>Критерийлердин мазмуну</td>
</tr>
<tr>
<td>2</td>
<td>Туура жооп: -5-20 $^{0}$ С төмөнкү температурада муздатуу; же +60 $^{0}$ С жогорку температурада ысытуу; күбөнү жок кылуучу химиялык каражаттарды пайдалануу, элдик натыйжалуу ыкмаларды колдонуу (кайнатуу ж.б.) ж.б.у.с. натыйжалуу 3-4 ыкма берилсе.</td>
</tr>
<tr>
<td>1</td>
<td>Күбөнү жок кылуунун 2 гана ыкмасы жазылса</td>
</tr>
<tr>
<td>0</td>
<td>Башка жооптор жана жооп жок</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, тажрыйба көрсөтүлгөн сүрөткө көңүл бургула жана суроого жооп бергиле.<br>5-суроо: Тажрыйбадан кийин кайсы идиштеги азыктар азайган деп ойлойсуң?<br>Бардык туура жоопторду тандагыла:<br>А) 1-идиш: личинка+кийиз<br>Б) 2-идиш: личинка+чач<br>В) 3-идиш: көпөлөк+кагаз<br>Г) 4-идиш: көпөлөк+канат</td>
<td>Күбө-түнкү көпөлөк<br><br>Тажрыйба үчүн 4 идиш алып, кадимки үй же кийим күбөсүнүн эки личинкасын 1-2-идишке, эки чоң көпөлөгүн 3-4-идишке салышат. Алардын ар бирине азык катары кийиз, адамдын чачы, кагаз жана канат жайгаштырып, үстүн аба өткүдөй кылып жаап, бөлмө температурасында (18-20$^0$C) 3 күн караңгы жерде кармашат.<br>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<br>• Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу<br>• Контексти: жекече<br>• Деңгээли: орто (продуктивдүү)<br>• Тапшырманын форматы: бир нече туура жооптуу<br>• Баалоо объекти: кубулуштарды түшүндүрүү үчүн туура келген табигый-илимий билимдерди пайдалануу<br>• Максималдуу упай: 2<br>• Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td>
<td>Баалоо системасы
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 1,2 (А,Б)</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Туура жооптордун бирөө гана тандалса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо</td></tr>
</table></td>
</tr>
</table>